# Балдардын эрте курактагы өнүгүү системаларын куруу

- *Изилдөөлөрдүн жаңы натыйжалары балдардын эрте курактагы өнүгүү стратегияларын аныктайт.*
- *Изилдөөчүлөр мектепке чейинки билим берүү өнүккөн алты өлкөнү изилдешти.*
- *Изилдөөлөрдөн алынган сабактар системалык элементтерди кароодо контексттик вариацияларды сактоо зарылдыгын камтыйт.*

**Шарон Линн Каган**
*Эрте балалык жана үй-бүлөлүк саясаттын профессору*

**Кэйтлин М. Дермоди**
*Кенже илимий кызматкер*

Балдар жана үй-бүлөлөр үчүн улуттук борбор, Педагогикалык колледж, Колумбия университети, Нью-Йорк, АКШ

**Көптөгөн өлкөлөр кичинекей балдар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн программаларды кеңейтип жатышат, бирок көбүнчө бул программалар бийик сапаттуулуктан, тең жеткиликтүүлүктөн, натыйжалуулуктан же туруктуулуктан алыс. АКШнын экономика жана билим берүү улуттук борбору өз өлкөлөрүндө ылайыктуу системаларды пландаштырып жана киргизүүдө лидерлерге жардам берген тажрыйбаларды, стратегияларды жана механизмдерди аныктоо үчүн алты өлкөдө (мындан ары - ECEC) - Австралияда, Англияда, Финляндияда, Гонконгдо, Сингапурда жана Түштүк Кореяда өнүккөн мектепке чейинки билим берүү системаларын салыштырмалуу изилдөө жүргүзүүдө илимпоздорду колдоду.**[1]

Early Advantage изилдөөлөр сериясында жарыяланган жыйынтыктар төрт негизги жыйынтыкты бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди.

## 1 Ар кандай контексттер, ар кандай системалар

Бардык изилденген өлкөлөрдөгү ECEC системалары контексттин эки түрүн карашат:
- социалдык-маданий (баалуулуктар, ишенимдер, мурастар, диндер);
- экономикалык жана саясий (демография, коомдук пикир, мамлекеттик саясат, каржылоо).

Социалдык-маданий контекст тейлөө моделин жана педагогикалык багыттуулукту калыптандырууга жардам берет. Мисалы, балдарды баалоо, аларга ишенүү жана камсыз кылуу милдеттенмелери өлкөнүн идеологиясына киргизилип жана мыйзамдарда чагылдырылса, кызматтар, көпчүлүк учурда, жеткиликтүүрөөк болот жана азыраак отчеттуулукту коштойт. Экономикалык жана саясий контекст ECEC үчүн каржылоонун жеткиликтүүлүгүнө, ошондой эле аларды киргизүү мүнөзүнө жана траекториясына таасир этет. Мисалы, аялдардын жумушчу күчү керек болгон социалдык кризистер учурунда, балдарды кароого каражат кескин көбөйүп кетиши мүмкүн.

Изилденген системалар өлкөлүк контекстке жараша айырмаланат. Мисалы, Финляндия өз кызматтарынын көпчүлүгүн мамлекеттик сектордогу ири салымдар аркылуу сунуштайт, ошондуктан ECEC дээрлик толугу менен мамлекеттик фонддордон дотацияда турат; тескеринче, рыноктук фискалдык стратегиянын алкагында аракеттенген үч азиялык өлкө жеке камсыздоого көбүрөөк таянышат.

## 2 Көптөгөн кызматтар, көптөгөн стратегиялар

Сурамжыланган өлкөлөрдө жаш балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр кеңири колдонулат, аларга: үйгө баруу программалары, акы төлөнгөн эмгек өргүүсүнүн саясаты, саламаттыкты сактоого субсидиялар, ата-энелерге колдоо

[1] Долбоордун башкы изилдөөчүлөрү: Ребекка Булл (Сингапур), Шарон Линн Каган (АКШ), Кристина Кумпу Лайнен (Финляндия), Мугён Мун (Корея Республикасы), Нирмала Рао (Гонконг), Кэти Сильва (Англия) жана Коллетт Тейлор (Австралия). ОЭСР окуучулардын билим берүү жетишкендиктерине баа берүү боюнча Эл аралык программасынын (PISA) жана Economist Intelligence Unit «Starting Well» (2012) отчетунун алкагында математика боюнча жетишкендиктеринин рейтингисинин негизинде алты өлкө тандалып алынган.

көрсөтүү, балдарга кам көрүү, балдар бакчасы, педагогдорду даярдоо, тобокелге кабылган үй-бүлөлөргө жардам берүү жана ушул программаларга өтүү боюнча аракеттерди колдоо.

Бул өлкөлөрдө мектепке чейин билим берүү кызматтарын көрсөтүү үч негизги мүнөздөмөгө ээ. Биринчиден, алар эрте курактан баштап көрсөтүлөт: көпчүлүк өлкөлөрдө энелерге жана үй-бүлөлөргө төрөт алдында жана перинаталдык жардам көрсөтүлөт. Экинчиден, ымыркайларга, бөбөктөргө, мектепке чейинки куракталгы балдарга жана балдарды мектепке чейинки курагында колдоо үчүн, алардын жаш курагына ылайыктуу программалар жана өткөөл мезгилдин аралыгында кызмат көрсөтүүлөр балдардын өнүгүүсүнүн бардыгында уланат. Үчүнчүдөн, кызматтар бир нече министрликтер тарабынан көзөмөлдөнөт жана суроо-талаптар, сунуштар тарабынан камсыздоо стратегиясын колдонуу менен, ар кандай жолдор менен каржыланат.

Ошондой эле кызмат көрсөтүүдө көрүнүктүү айырмачылыктар бар. Айрым өлкөлөрдө эрте балалыкка көбүрөөк маани берилсе, кээ бирлеринде расмий мектепке кирерден мурунку жылдарга басым жасалат. Программаларды жана саясатты уюштуруунун, ишке ашыруунун жана баалоонун методдору жана темптери дагы айырмаланат.

## 3 Айкын, жалпы кабыл алынган түзүлүштүк элементтер

Контекст мааниге ээ: эч бир өлкө башка өлкөнүн системасын толугу менен кабыл ала албайт. Ошого карабастан, сапаттуу системалар жалпы түзүлүштүк жана функционалдык элементтерге ээ. «Эрте артыкчылыктар» (Early Advantage Ka-

*Үй-бүлөлүк шарттарга байланыштуу акы төлөнгөн өргүү – изилдөөгө катышкан өлкөлөрдө көрсөтүлгөн кызматтардын бири.*


*Сүрөтү: Sukjai Photo / Adobe Stock*

gan 2018; Kagan and Landsberg, 2019) изилдөөлөрүндө 15 системалык «түзүмдүк элементтер» аныкталып, алар беш категорияга бөлүнгөн:

- кызыкдар тараптардын жана коомчулуктун уникалдуу контекстин жана муктаждыктарын эске алган бекем саясий негиз;
- комплекстүү кызматтар, жетиштүү каржылоо жана макулдашылган башкаруу механизмдери;
- катышуу жана натыйжалуу жетекчилик аркылуу коомчулуктун өнүгүүсүнө түрткү бере алган компетенттүү жана колдоочу педагогдор жана үй-бүлөлөр;
- маалыматтуу, жекече (индивидуалдуу) жана үзгүлтүксүз өркүндөтүлгөн педагогика, ал балага багытталган окутууга көмөктөшөт;
- саясатты жана программаларды жакшыртуу үчүн маалыматтарды натыйжалуу чогултуу жана пайдалануу.

## 4 Биргелешкен ишмердүүлүк боюнча план

Ийгиликтүү өлкөлөр ECEC кызматтарынын түзүлүштүк жана функционалдык шайкештигин түзүү боюнча өз аракеттеринде стратегияларды түзгөнү эң маанилүүсү. Алар бир негиздин же түзүмдүк элементтин үстүнөн иштөө башкаларга таасир этерин түшүнүшөт, ошондуктан жалпы системаны чыңдай турган биргелешкен ишмердүүлүктү пландаштырышат.

Мисалы, ар бир изилденген өлкөлөрдө улуттук окуу программасынын модели бар - бекитилген нормативдер же кабыл алынган негизги документ, анда балдар кантип жана эмнени үйрөнүшү керектиги көрсөтүлгөн. Бул ар кандай түзүмдүк элементтери же негиздери менен (кесиптик өнүгүү стандарттарын түзүү, программалардын мониторинги үчүн чен-өлчөмдөрдү коюу жана каржылык демилгелерди сунуштоо сыяктуу) байланышкан саясатты жана практиканы аныктаган программаларды шайкеш келтирүү үчүн негиз. Негиздер менен негизги түзүмдүк элементтеринин ортосундагы ырааттуулукту пландаштыруу менен, өлкөлөр ECECтин көбүрөөк философиялык жана практикалык интеграцияланышына жетишишет. Андан тышкары, алар бир гана түзүмдүк элементке же негизине гана көңүл топтоого караганда тейлөөлөрдүн сапаты, адилеттүүлүк, туруктуулук жана натыйжалуулук системалык натыйжаларында көбүрөөк жыйынтыктарга жетишишет.

Жыйынтыктап айтканда, ушул төрт сабакты талдоо менен, пайдубалдуу негиздерге жана түзүмдүк элементтерге кайрылуу менен, өлкөлөр алардын коомчулугу муктаж болгон жана алардын балдары татыктуу болгон мектепке чейинки билим берүүнүн ушундай натыйжалуу системаларын түзүү үчүн пайдалуу стратегиялык идеяларды жаратышы мүмкүн.

Сиз бул макаланы earlychildhoodmatters.online/2020-26 шилтемеси боюнча таба аласыз.

БИБЛИОГРАФИЯ

Economist Intelligence Unit. (2012). *Starting Well: Benchmarking early education across the world.* Available at: http://www.lienfoundation.org/sites/default/files/sw_report_2.pdf (accessed April 2020).

Kagan, S.L. (ed.). (2018). *The Early Advantage 1 - Early Childhood Systems that Lead by Example: A comparative focus on international early childhood education.* New York: Teachers College Press.

Kagan, S.L. and Landsberg, E. (eds). (2019). *The Early Advantage 2 - Building Systems that Work for Young Children: International insights from innovative early childhood systems.* New York: Teachers College Press.

**Бул «Эрте балалыктын мааниси» макаланын басылмасынын кыргыз тилинде жеткиликтүү болушу Бернард ван Лир Фондусунун (BVLF) жана Эл аралык «Кадам артынан кадам» ассоциациясынын (ISSA) өнөктөштүк демилгеси менен, ISSA мүчөсү Билим берүүдөгү демилгелерди колдоо Фонду менен кызматташтыкта мүмкүн болду.**